Т.Онолбаев атындагы орто мектеби

Бекитемин:

# Ачык сабак

## Тема: «Сейтектин», «Манас» училтигин жыйынтыктоодогу мааниси

Мугалим: Мусаева Мээрим

Класс: 8

Сканировано с CamScanner

класс “____” ________________20____ –жыл кыргыз адабияты сабагы **III чейрек 42-сабак**

Сабактын темасы: “Сейтектин ” “ Манас ” үчилтигин жыйынтыктоодогу мааниси

| *Сабактын максаты:* | *Көрсөткүчтөр :* *Жогорудагы максаттар ишке ашат , эгерде окуучу :* |
|---|---|
| *1.Билим берүүчүлүк:* Окуучулар “ Сейтек ” эпосунун көркөмдүк өзгөчөлүгү боюнча түшүнүк алышат . | -“ Сейтек ” эпосунун негизги идеясы боюнча түшүнүккө ээ болушат . |
| *2.Өнүктүрүүчүлүк:* “ Сейтек ” эпосундагы каармандардын образын талдоо менен сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрү өнүгөт . | -тема боюнча өз оюн жана кызыгуусун билдирсе ; |
| *3. Тарбия берүүчүлүк:* Адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө , өзүнүн пикирин далилдей билүүгө багыт алышат . | -өзүнүн көз карашын коргоп , пикирин далилдей билсе ; |

Сабактын тиби : Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Окуу каражаттары : “ Семетей ” эпосу , сүрөттөр , кошумча материалдар , окуу китеби .



Окутуу усулу : Окуу жана түшүнүү усулу

Предмет аралык байланыштар : кыргыз тили , тарых , география

| Негизги компетенттүүлүктөр | *Предметтик компетенттүүлүктөр* |
|---|---|
| Маалыматтык<br>Алган маалыматтарын кабылдап , негизги ойду аныктоо менен , алынган маалыматтарын так баяндайт ; | ПК- 1 *<u>Окурмандык компетенттүүлүк</u>* – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк , искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу ; |
| Социалдык- коммуникативдик<br>Оозеки жана жазуу жүзүндө берилген маалыматтарды кабылдоо менен , өз ара аракеттенүүнү калыптандырат ; | ПК- 2 *<u>Баалуулук – дүйнө таанымдык компетенттүүлүк</u>* – адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө тааным категорияларды түшүнүү , ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө , гуманисттик адеп – ахлактык позицияларга бек туруу ; |
| Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү аныктоо<br>Маалыматтан карама- каршылыктарды табат , маселени чечүүнүн жолдорун айтуу менен өз пикирин далилдейт . | ПК – 3 *<u>Адабий чыгармачылык компетенттүүлүк</u>* – ар түрдүү типтеги дилбаяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк ; |

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучулардын иш-аракети | Баалоо | Окуучуларда калыптануучу компетенттүүлүктөр | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК |
| Уюштуруу учуру ( 3 мүнөт) | *Окуучулар менен саламдашып , толуктап класстын тазалыгын көзөмөлдөп , сабакка даярдоо .<br><br>Сабакка жагымдуу маанай түзүү<br>Алтын эрежени эске алуу | Окуучулар мугалим менен саламдашат , сабакка даярданышат .<br>**Алтын эрежени эске алышат* | Азаматсыңар !<br> | НК-2-3 | ПК-1-2-3 |
| Үй тапшырмасын текшерүү ( 5 мүнөт ) | “ Сейтек ” эпосунун көркөмдүк өзгөчөлүгүн окуп келип , оозеки айтып беришкендигин баалоо . | Окуучулар үйдөн окуп келген тапшырмаларын айтып беришет . | Үй тапшырмасы бааланат<br><br>Азаматсыңар ! | | |
| Өтүлгөн темаларды кайталоо ( 3 мүнөт ) | 1.”Сейтек ” эпосунда кандай туруктуу ыр түзүлүштөрү , көркөм сөз каражаттары жолугат ? Буларды арбын колдонуунун эпостун көркөмдүүлүгүн арттыруудагы мааниси канчалык ?<br>2.”Сейтек ” эпосу эмне себептен “ Манас ” үчилтигинин жыйынтыктоочу бөлүгү болуп эсептелет ? | Суроолорго жооп беришет . | <br>Аракетиңер жакшы !<br><br>Оозеки жообуна карата оозеки бааланат . | НК-1-2-3 | ПК-1-3 |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тема боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү ( 10 мүнөт ) | «Сметей» эпосунун чынында эле корутунду бөлүм экендигине көпчүлүк варианттарда бирдей орун алган идеялык-тематикалык жалпылык жана каармандын керт башына өмүр баяндык циклде жыйнакталган эпикалык салттуу окуялардын композициясы күбө. Манастын уулу Семетейден курсакта калган Сейтектин төрөлүшү, бөтөн эл, бөтөн жерде жетилип башын бошотушу, эли-жерине көчүп келиши, үйлөнүшү, атасынын өчүн алып, ички-тышкы душмандарды жеңиши — аны генеалогиялык принципте түзүлгөн оригиналдуу чыгарма деңгээлине көтөрүп турат. Ал үчилтиктин башынан бери келаткан негизги окуялардын логикалык корутундусу болуу менен бирге айрым каармандардын тагдырларын аягына жеткире көркөм чечет. Ошондуктан, бөлүмдөрдүн бардыгына бирдей жалпы сюжет, кырдаалдар, ал тургай өтмө кейипкерлердин болушу мыйзамдуу көрүнүш. Биринчи (Каныкей, Бакай), экинчи (Семетей, Айчүрөк, Күлчоро) муундагы каармандар «Семетей». эпосуна атайылап ар кимиси өз милдеттери менен чебер алынып өтүлгөн. | Тема тууралуу түшүнүк алышат . | <br>Калыптандыруу-чу баалоо<br><br>Оозеки баалоо<br>Кайтарым байланыш | НК-1-2-3 | ПК-2-3 |
| Тапшырмалар менен иштөө ( 13 мүнөт ) | “ Сейтектин баатырдык сапаттары ” – деген темада 5 мүнөттүк эссе жаздыртуу . | Өз алдынча тапшырмаларды аткарышат . . | Калыптандыруучу баалоо<br><br>Ойлонобуз ! Бири-бирин баалашат | НК-2-3 | ПК-1-3 |
| Сабакты бышыктоо : ( 5 мүнөт ) | 1.”Манас ” эпосунун элибиздин өткөндөгү тарыхы менен байланыштуулугу тууралуу эмнелерди айта аласыңар ?<br>2.Жакыптын образы Сагымбай менен Саякбайдын вариантында бири-биринен эмнеси менен айырмаланат ?<br>3.”Сейтек ” эпосундагы белдүү баатырлардын бири Карадөөнүн эң баалуу сапаттары кайсылар ? | Суроолорго активдүүлүк менен так , туура жооп берүүгө аракеттенишет . | Оозеки жообу бааланат<br><br>Эң жакшы | НК-2-3 | ПК-2-3 |
| Тапшырма берүү : ( 2 мүнөт ) | Баатырдык эпосту окуп келүү . | Үй тапшырмасын аткаруу жолдору боюнча түшүнүк алышат |  | | ПК-1-2-3 |
| Баалоо (3 мүнөт ) | Сабакка активдүү катышкан окуучулардын жалпы билимин эске алуу менен баалап , күндөлүктөрүнө баа коюп берүү . | Күндөлүктөрүнө баа койдурушат . | Жалпы билимин эске алып мугалим баалайт<br> | | |

Сканировано с CamScanner



Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner